**“Кыргыз Республикасындагы мектептик билим берүү чөйрөсүнүн коопсуздугунун эрежеси”.**

“Кыргыз Республикасындагы мектептик билим берүү чөйрөсүнүн коопсуздугун каржылоо механизмин өнүктүрүү” долбоорунун максаты КР Билим берүү жана илим министрлиги менен жергиликтүү бийлик органдарынын, социалдык өнөктөш уюмдарынын, жарандык коомдук уюмдардын жана мектептердин ортосундагы коопсуз билим берүү чөйрөсүн түзүү механизмин калыптандыруу боюнча секторлор аралык өнөктөштүк мамилени андан ары өнүктүрүүнү колдоо. Жалпы максатка жетүү үчүн долбоор боюнча өнөктөштөр көптөгөн ишчаралардан турган, 3 кластерге топтолгон жана Кыргызстандын бардык аймактарын, анын ичинде Бишкек шаарын да камтыган стратегияны иштеп чыгышты. Бул иш-чаралар Кыргызстандын билим берүү тутумундагы: билим берүү чөйрөсүнүн коопсуздугу, билим берүүнүн сапаты жана окутуунун натыйжасы менен канааттанбагандык, адамдык ресурстардын жетишсиздиги жана билим берүү чөйрөсүндөгү реформаларды жүргүзүү үчүн мүмкүнчүлүктөр боюнча негизги маселелерди чечүүгө багытталган. Жогоруда аталган көйгөйлөрдү натыйжалуу чечүү үчүн долбоордун өнөктөштөрү конкреттүү маселелерди чечүүгө багытталган, атап айтканда: 1. Кыргызстандын мектептериндеги билим берүү чөйрөсүнүн коопсуздугу боюнча улуттук стандарттарды иштеп чыгуу жана илгерилетүү: • Мектептердеги коопсуз жана саламат билим берүү чөйрө үчүн комплекстүү стандарттарды колдонуу боюнча колдонмолорду / усулдук сунуштарды иштеп чыгуу жана илгерилетүү; • Бул иштеп чыгуу процессине аткаруучу бийлик органдарын, атап айтканда КР Билим берүү жана илим министрлигин, Финансы министрлигин ж.б. жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешин тартуу; • Укуктук ченемдик акты деңгээлинде мамлекеттик орган тарабынан кабыл алуу үчүн өлкөнүн бардык аймагында аткаруу милдеттүү болгон Стандартты илгерилетүү. 2. Улуттук, жергиликтүү жана институционалдык деңгээлдерде башкаруу жана коопсуз билим берүү чөйрөсүн финансылык камсыздоо жаатындагы кызыкдар тараптардын дараметин жогорулатуу: Мектептик билим берүү чөйрөсүнүн коопсуздугунун стандарттарынын топтому Кыргыз Республикасынын укуктук ченемдик актыларынын жыйнагы 4 • Коопсуз билим берүү чөйрөсүн камсыздоо үчүн 350 мектептин администрацияларынын жана райондук жана шаардык билим берүү бөлүмдөрүнүн кызматкерлеринин уюштуруучулук түзүмдү жана адамдык потенциалды башкарууну жакшыртуу жаатындагы дараметин жогорулатуу; • Бардык областтагы жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын, мектептик камкорчулук кеңештердин мүчөлөрүнүн, билим берүү жаатындагы өкмөттүк эмес уюмдардын дараметин жогорулатуу; • Мектептердеги коопсуз/саламат билим берүү чөйрөсүнүн менеджменти жана финансылык камсыздоо механизмдери

боюнча райондук/шаардык билим берүү бөлүмдөрүнүн адистери, усулчулары үчүн окутуучу модулдарды иштеп чыгуу; • Коопсуз мектептик билим берүү чөйрөсүн башкаруу жана финансылык камсыздоо боюнча окуу-усулдук топтомду педагогдорду жана билим берүүдөгү башкаруучу кадрларды даярдоо системасына ишке киргизүү; • Туруктуу өнүгүү, энергиянын натыйжалуулугу жана коопсуздук принциптерин эске алуу менен тиешелүү билим берүү областтары боюнча окуу-усулдук материалдардын топтомун иштеп чыгууну уюштуруу; • Коопсуз/саламат билим берүү чөйрөсүн жана мектептердеги зордукзомбулуксуз тажрыйбаны калыптандыруу маселелери боюнча педагогикалык жана башкаруучулук профилдеринин студенттери үчүн окутуучу материалдарды иштеп чыгуу; • Келечектеги педагогдор менен практикалык сабактарды өткөрүү үчүн коопсуз/ саламат билим берүү чөйрөсүн түзүүнүн технологияларын жана мектептердеги зордук-зомбулуксуз жүрүм-турум практикасын колдонуу менен өлкөнүн жождорунда 3 ресурстук маалыматтык-усулдук “Билим берүү чөйрөсүнүн толеранттуулугун жана коопсуздугун өнүктүрүү боюнча борборлорду” түзүү; • Билим берүүнү каржылоону башкаруу, билим берүүнү каржылоону мониторингдөө, анын ичинде коопсуз билим берүү чөйрөсүн камсыздоо маселелери боюнча Финансы министрлигинин жана Билим берүү министрлигинин Коомдук кеңештеринин мүчөлөрүнүн дараметин жогорулатуу. 3. Мамлекеттик органдардын секторлор аралык өз ара аракеттенүүсү аркылуу да, ошондой эле жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары, камкорчулук кеңештер жана мектептердин өз ара аракеттенүүсү аркылуу мектептердеги билим берүү чөйрөсүнүн коопсуздугун жогорулатуу боюнча механизмдерди иштеп чыгуу жана алдыңкы тажрыйбаларды жайылтуу: